**Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо («Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын мисалында)» 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчиси п.и.к., доцент М. Алтыбаеванын**

## ПИКИРИ

Компетенттүүлүк мамиледе окуп-үйрөнүүдө студенттердин бар билимдерге таянып ар кандай татаалдыктагы проблемаларды чечүүгө жөндөмдүүлүгү, алынган билимдерди практикада колдонгонго даярдыгы, анын личносттук потенциалынын өнүгүшү, проблемаларды өз алдынча чечүү тажрыйбасына ээ болгондугу менен окутуунун натыйжалары аныкталат.

Студенттердин эмнеге жетишүүгө тийиш жана ал жетишкендиктер кандай тастыктала тургандыгын туюнтуу үчүн «окутуу натыйжалары» деген атайын термин колдонулуп келет.

Түшүнүктүү жазылган окутуу натыйжалары студентке окуу процессинде андан эмне күтүлүп жаткандыгын, жетишилген натыйжа кайсы критерийлер боюнча баалана тургандыгын аңдап түшүнүүгө жардам берет. Окутуучулардын көңүлүн жана иш аракетин пландаштырылган натыйжага жетишүүгө жана аны адекваттуу баалоого топтоштурат, потенциалдуу жумуш берүүчүлөргө бүтүрүүчүлөрдүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө айкын түшүнүк берет.

Магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоого жана баалоого карата коюлуп жаткан талаптар, магистранттардын окутуу натыйжаларын комплекстүү баалоону уюштуруу зарылдыгы илимий изилдөө ишинин темасынын тандалып алынышын жана актуалдуулугун аныктайт.

Диссертант тарабынан изилдөөнүн темасына ылайык «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун моделин иштеп чыгуу, теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү максаты коюлган.

Диссертациялык изилдөөнүн алдына коюлган максатына жана божомолуна ылайык коюлган милдеттер толугу чечилип, төмөндөгү иштер аткарылган:

1. Компетенттүүлүк мамиледе билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун тарыхый педагогикалык, илимий-теориялык, методикалык жана практикалык негиздери айкындалды.

2. Изилдөөдө “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын ОНдорун долбоорлоо жана баалоо модели иштелип чыкты.

3. ОНдордун формулировкасы, анын НББПсынын багытына, билим берүү деңгээлине ылайыктыгы, мазмуну ж.б. мүнөздөмөлөрү боюнча баалоонун критерийлери жана ар бир критерийге тийиштүү көрсөткүчтөрү иштелип чыкты.

4. Педагогикалык экспериментти жүргүзүү менен изилдөө ишине коюлган илимий божомолдун туура экендиги, "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасын окутуу натыйжаларга багытталып түзүлгөндүгү программанын сапатынын жогорулагандыгына, б.а. магистранттардын жетишүү көрсөткүчтөрүнүн өсүшүнө өбөлгө жаратары далилденген.

«Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо боюнча педагогикалык эксперимент ББПлардын ОНдорун долбоорлоонун жана баалоонун иштелип чыккан модель жана методика жарамдуу деген тыянак чыгарууга негиз болду.

Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо («Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын мисалында)» 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп саналат жана кандидаттык диссертацияларга коюлуучу тиешелүү талаптарга жооп берет жана жактоого сунушталат.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Илимий жетекчи,
п.и.к, доцент М. Алтыбаева

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. «12» 03
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турлубаева Г.